# Татаал чечим



Автор: Елена Варворкина

Которгон: Сулайман Рысбаев

Сүрөтчү: Алёна Дин

# Татаал чечим

Автор: Елена Варворкина
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Алёна Дин

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Татаал чечим» (кыргыз тилинде), автор Елена Варворкина, которгон Сулайман Рысбаев, сүрөтчү Алёна Дин

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Тып... тып...Тып... тып...

Эшикте терезенин текчесине жамгыр бир калыпта таамп жатты. Бакыт кечки караңгылыкта төшөгүндө жаткан. Бирок уктаган жок, ал терезеге чаба жааган жамгырдын добушун тыңшап жатты. Анын көңүлү ордунда эмес эле. Ошондуктан ал уктай алган жок, жакшы тилектери, каалоолору алыска качып кеткендей...

А бирок бүгүнкү күн жакшы башталган! Эртең менен күн жарык тийип, жумшак жел жүрүп турган. Бакыт өзүнүн эң жакшы досу менен бирге мектепке жөнөгөн. Сабакта дагы баары жаман болгон эмес. Бир гана орус тилинен Бакыт “үч” алып калды, а Абдулазиз “төрт” алды. Бирок ал деле алардын маанайын чөгөргөн жок. Сабактан кийин достор стадионго футбол ойноого барган. Ал жерде алардын классташтары бар эле. Эң чатак кыял Бекзат Бакытка кыйкырды:

– Эй, “Сүйрөткү”! Сен, жок дегенде, Абдулазизден тыңыраак көчүргөндү билбейсиң! Ал сага дайыма жардам берет, а сен ансыз колуңдан эч нерсе келбейт!



Бакыт жини келип, муштумдары түйүлдү.

– Жок. Мен андай көчүрбөйм, андан көрөкчө, ал менден дайыма көчүрүп жазат! Мен шашып гана калдым, а ал туура көчүрүп жазды!

Бакыт өзү эмне үчүн ушинтип айтканын түшүнбөй калды.

Анын ачуусу келип турган, ошондуктан аны келесоо деп ойлобосун деди го. Ошондуктан ал Абдулазизди басынта сүйлөдү да, ал келе жатканда үйүнө качып кетти.

Үйүнө барганда тынчтанды, бирок досун бекерге басынта сүйлөгөнүн ойлоду. Ал досуна телефон чалып кечирим сурап коюуу ойлоду, а бирок досу телефонду албады.

– Кызык, – деп ойлоду Бакыт – ал мен чалганымда дайыма алчу эле...





– Эртеси Абдулазиз сабакка чейин Бакытка жолуккан жок, а мектепте жанына жакын келбеди. Бакыт эмне болгонун түшүнгөн жок. Классташтары класска кирген кезде Бекзат мындай деди:

– Акыры, Абдулазиз сенден көчүрүп жазбай калды го. Ал өзү кандай баа алар экен?

Бакытка уят иш болду, ал досу тууралуу жаман сөздөрдү айтып, аны таарынтып алды да. Башка балдар да Абдулазиздин жинине тийип жатышты, бирок ал Бакыт тууралуу жаман сөз айткан жок, ал тургай, өзүн коргогон да жок. Балким, ал Бакыт өзү чындыкты айтат деп күтүп жаткандыр.

А Бакыт баарын ондоону ойлоду, ал үчүн уяты чыгып, айыбын мойнуна алышы керек...



Кечинде Бакыт көпкө ойлонду, оор улутунуп коюп, төшөгүндө оонап жатты. Ал классташтары досунун ачуусуна тийип жаткандыгы үчүн өзүн күнөөлүү сезди. "Эгер мен жалган айтканымды моюнума алсам, балдар мени ызалантышат. А эгер мен чындыкты айтпасам, анда баары Абдулазиз тууралуу жаман ойлоп калышат. Ошентип биздин достугубуз бузулат".

Бакыт катаал чечим кабыл алды, бирок ал туура чечим эле.

Ал эртең менен мектепке келди да, класска кирип, өзүн ар-намыстуу кармап туруп, балдардын астында катуу айтты:

– Мен жалган айтканым үчүн, күнөөмдү моюнума алам! Абдулазиз эч качан менден көчүрүп жазчу эмес. Мен ачуум менен гана айтканмын!

Балдар класста унчукпай калышты. Анан Бекзат минтип сурады:

– Демек сен жалганчысыңбы?

Бакыт башын жерге салып, уялганынан кызарып кетти.

Анын жанына класстын президенти Катя басып келди:

– Жок, балдар, ал алдамчы эмес! Көрдүңөрбү, ошол айткан сөзү үчүн ал уят болуп отурат. Бирок ал өзү туура эмес кылганын ачык айтпадыбы. Албетте, бул кыйын нерсе, баары эле мындай кадамга бара албайт!

Балдар ызы-чууга түшүштү. Алар Катянын сөзүнө макул болушту, а Бекзат эч нерсе айта албай, туруп калды.





Анан Бакыт досуна басып келди.

– Кечирип койчу! Суранам! Мен туура эмес иш кылдым. Мен өзүм тууралуу жаман сөздөрдөн качып, сен тууралуу жалган айтууга жол берипмин. Мен өзүмдү жаман дос сыяктуу көрсөтүпмүн. Бирок, убада берем, мындан кийин эч качан мындайга барбайм.

Абдулазиз ага ишенбегендей карап турду. – Кел, мурдагыдай дос болуп жүрөлү! - деп Бакыт акырын өтүндү да, Абдулазизди карады.

– Жакшы, – деди  Абдулазиз, – бирок убадага туралы, эч качан эч кимди алдашпайлы!

– Макулмун! – деди да, Бакыт бактылуу жылмайды. Ал жеңилдеп, көңүлү ачыла түштү.

Абдулазиз менен  Бакыт үйүнө бирге жөнөштү.  Жамгыр нөшөрлөп жаап турса да, Бакыт үчүн баары жакшы, жан дүйнөсү тынч эле.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Елена Варворкина
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Алёна Дин

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- **3.2 деңгээли**

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли